«РОСНЕФТЬ» МК ИШКЕРДИК
ЖАНА КОРПОРАТИВДИК ЭТИКА

# КОДЕКСИ

РОСНЕФТЬ

«РОСНЕФТЬ» МКНЫН УШУЛ ИШКЕРДИК ЖАНА КОРПОРАТИВДИК ЭТИКА КОДЕКСИ «РОСНЕФТЬ» МКНЫН 2008-ЖЫЛДЫН РЕДАКЦИЯСЫНДАГЫ, КҮЧҮН ЖОГОТКОН ИШКЕРДИК ЭТИКА КОДЕКСИНИН ОРДУНА БЕКИТИЛГЕН

БЕКИТИЛГЕН
«Роснефть» МК» ААКнын
Директорлор Кеңешинин
«05»-июнь 2015-жылдагы чечими менен.
2015-жылдын «05»-июнундагы
№ 35 протокол.
2015-жылдын «28»-сентябрындагы № 428
буйрук менен 2015-жылдын «28»-сентя-
брында колдонууга киргизилген

# «РОСНЕФТЬ» МК ИШКЕРДИК ЖАНА КОРПОРАТИВДИК ЭТИКА КОДЕКСИ

## № П3-01.06 П-01 ВЕРСИЯ

(«Роснефть» МК» ААК Директорлор кеңешинин чечими менен бекитилген өзгөртүүлөр менен (22.06.2017 №29 отурум протоколу), «Роснефть» МК» ААК 28.08.2017 № 489 буйругу менен колдонууга киргизилген)

МОСКВА
2015

# МАЗМУНУ

**1. КОМПАНИЯНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖАНА БААЛУУЛУКТАРЫ** ........ 6

**2. БИРИ-БИРИН УРМАТТОО, ТОЛЕРАНТТУУЛУК ЖАНА БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР** ........ 8

**3. КОМПАНИЯНЫ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЖАНА РЕПУТАЦИЯСЫ ҮЧҮН КАМ КӨРҮҮ** ........ 10

3.1. МҮЛККӨ ЖАНА АКТИВДЕРГЕ АЯР МАМИЛЕ ........ 10

3.2. КУПУЯЛУУЛУКТУ САКТОО ........ 11

3.3. ЖМКлар МЕНЕН ӨЗ АРА ИШТЕШҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТТЫК МЕЙКИНДИКТЕГИ ИШМЕРДҮҮЛҮК ........ 12

**4. КООПСУЗДУК, ЭМГЕКТИ, САЛАМАТТЫКТЫ ЖАНА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО** ........ 14

**5. КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР МЕНЕН МАМИЛЕЛЕР** ........ 16

5.1. АКЦИОНЕРЛЕР ЖАНА ИНВЕСТОРЛОР ........ 16

5.2. БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ ........ 17

5.3. КООМЧУЛУК ЖАНА КООМДУК УЮМДАР ........ 18

5.4. ИШКЕР ӨНӨКТӨШТӨР, КАРДАРЛАР ЖАНА АТААНДАШТАР ........ 18

**6. КАБЫЛ АЛЫНГАН ЭРЕЖЕЛЕРДИ ЖАНА СТАНДАРТТАРДЫ БУЗУУЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУ** ..................... 20

6.1. КОРПОРАТИВДИК АЛДАМЧЫЛЫКТЫ ЖАНА КОРРУПЦИЯНЫ АЛДЫН АЛУУ ............................................. 20

6.2. БЕЛЕКТЕР ЖАНА БАШКА ПАЙДА ....................................................... 21

6.3. КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР КАГЫЛЫШУУСУН ТАБУУ ЖАНА ЖӨНГӨ САЛУУ ............................................................... 22

6.4. ЖЕКЕ ПАЙДА АЛУУ ҮЧҮН ИНСАЙДЕРДИК МААЛЫМАТТЫ КОЛДОНУУ УЧУРЛАРЫН АЛДЫН АЛУУ ............. 23

6.5. КАРЖЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ ЖАНА БАШКАРУУЧУЛУК УЧЕТТУ ЖҮРГҮЗҮҮ ................................................. 24

**7. КОДЕКСТИ КОЛДОНУУ** ........................................................................ 25

7.1. КОДЕКСТИН ЧЕНЕМДЕРИН САКТОО.................................................. 25

7.2. КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ ....................................................................... 25

7.3. ИШКЕРДИК ЭТИКА БОЮНЧА КЕҢЕШ ................................................ 26

**8. КОДЕКСТИ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ** ......................................... 27

*Ушул ЛЧДга (локалдык ченемдик документке) укуктар «Роснефть» МК» ААКга таандык. ЛЧДны «Роснефть» МК» ААКнын уруксатысыз толугу менен же жарым жартылай кайра чыгарууга, нускалоого жана таратууга болбойт.*

# 1.

# КОМПАНИЯНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖАНА БААЛУУЛУКТАРЫ



## ЛИДЕРЛИК

*Биз ишмердүүлүгүбүздүн баардык аспектилеринде лидерликке умтулабыз. Биз Компаниянын келечегин коомго жана курчап турган чөйрөгө зыян келтирүүгө жол бербеген, эң оригиналдуу идеяларды жана жаңы технологияларды колдонуу менен пландаштырабыз.*



## НАТЫЙЖАЛУУЛУК

*Биз коюлган максаттарга жетип, кесипкөйлүккө, тартипке жана өз ара иштешүүгө таянуу менен, жана ар бир жумушчунун жана бүтүндөй компаниянын кызыкчылыктарынын керектүү балансын камсыздоо менен өзүбүздүн алдыбызга жаңы дымактуу милдеттерди коебуз.*



## АК НИЕТТҮҮЛҮК

*Биз баардык айткан сөздөрүбүз жана жасаган иштерибиз үчүн жоопкерчилик алабыз. Биз өзүбүздүн кызматташтарыбызга, кардарларыбызга карата ырааттуу жана ачык мамиле жасап, өзүбүзгө алган милдеттерди так аткарабыз.*



## КООПСУЗДУК

*Өмүрдү жана ден-соолукту сактоо, эмгектин жана курчап турган чөйрөнүн коопсуздугун камсыздоо биздин эң маанилүү артыкчылыктарыбыз болуп саналат.*

Компаниянын бул багыттары жана баалуулуктары ар бир жумушчудан түшүнүү менен жасалган жигердүүлүктү жана демилгени талап кылат. Ишкердик жана корпоративдик этика кодекси борбордук аппараттын жана Топтун Коомдорунун күнүмдүк ишиндеги бирдиктүү эрежелерди жана жүрүм-турум стандарттарын аныктайт.

Кодекс Компаниянын ар бир жетекчисинин жана жумушчусунун аткаруусу үчүн милдеттүү ички документ болуп саналат.

Бул эрежелерди жана стандарттарды сактоо бизге жалпы максаттар, жүрүм-турум маданияты жана салттар бириктирген кесипкөйлөр командасы болууга мүмкүндүк берет, ошондой эле Компаниянын өзүндө да, ишкер өнөктөштөр жана кардарлар менен да өз ара түшүнүшүүнү талаптагыдай деңгээлде кармоого жардам берет.

# 2.

# БИРИ-БИРИН УРМАТТОО, ТОЛЕРАНТТУУЛУК ЖАНА БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

Компаниянын негизги активи - анын кызматкерлери. Алардын жогору кесипкөйлүгү Компаниянын ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн ачкычы болуп саналат. Дал ушул себептен Компания ыңгайлуу иштөө жана ар бирибиздин потенциалыбызды жүзөгө ашыруу үчүн баардык зарыл шарттарды түзүүгө умтулат.

Компания эмгек жамаатында жагымдуу психологиялык маанайды түзүүгө чоң маани берет. Ээлеген кызматына карабастан бири-бирин урматтоо, бири-бирине карата аяр мамиле жасоо, адептүүлүктүн «өзүңө кандай мамилени кааласаң, башкага да ошондой мамиле жаса» деген алтын эрежесин сактоо аркылуу ишеним жаралат.

Компания ар бир адамды кесипкөйлүгү, билими жана тажрыйбасы үчүн баалаган, баардык кызматкерлердин чыгармачыл потенциалын жүзөөгө ашырылышы үчүн шарттар түзүлгөн өз ара урматташуу атмосферасын түзөт. Компания баардык кызматкерлерди алардын кызыкчылыктарын жактоо, жогору кесипкөйлүк, ак ниеттүүлүк командада иштөөгө ниети жана аракети менен айырмаланып туруусуна умтулат.

Баардык кадрдык чечимдерди, Компания эмгек мыйзамдарын так сактоо менен кабыл алат. Карьералык өсүү, өнүгүү жана дем берүү, биздин кесиптик эмгегибизге жана өндүрүштүк ишмердүүлүктүн жыйынтыктарына негизделет.

Компания өзүнүн ишмердүүлүгүн Россиянын жана чет өлкөлөрдүн кайсыл аймагында жүргүзсө да, анын калк, бийлик органдары жана коомдук уюмдар менен өз ара иштешүүсү социалдык, маданий, экологиялык жана экономикалык өзгөчөлүктөрдү түшүнүүгө багытталган. Компания Россиялык бизнестин социалдык хартиясын жана Адам укуктарынын жалпы декларациясын так сактоо менен иштейт, аларга ылайык ар бир адам расасына, терисинин өңүнө, жынысына, курагына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк, топтук же башка абалына көзкарандысыз, кандайдыр бир айырмаларсыз анда жазылган баардык укуктарга жана эркиндиктерге ээ болушу керек.

Компания кысым жасоонун же басынтуунун эч кандай формаларына жол бербейт. Компанияда ар бир кызматкердин кызыкчылыктарын жамааттык билдирүүгө, анын ичинде профсоюздук уюмдарда туруууга укугу сакталат, жана адамдык аброй үчүн каршы келген, кемсинтүүчү же кордоочу атмосферанын жаралышына алып келүүчү баардык шарттарды четке кагат.

# 3.

# КОМПАНИЯНЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЖАНА РЕПУТАЦИЯСЫ ҮЧҮН КАМ КӨРҮҮ

Компаниянын ишкердик репутациясы, кадыр-баркы, мындан аркы ийгиликтүү жана туруктуу өнүгүүсү ар бирибизден көз каранды. Кесиптештер, ишкер өнөктөштөр менен баарлашууда, ошондой эле интернетте маалымат жайгаштырууда, ЖМКлар менен өз ара иштешүүдө, купуя маалымат жана Компаниянын мүлкү менен иштешүүдө бул туурасында дайыма унутпоо зарыл.

## 3.1. МҮЛККӨ ЖАНА АКТИВДЕРГЕ АЯР МАМИЛЕ

Компаниянын менчигиндеги жана/же жарандык мыйзамдарда каралган башка негиздерде ага таандык мүлктүн сакталышы анын туруктуу өнүгүүсүнүн жана бакубатчылыгынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Компаниянын мүлкүнө өндүрүш жабдуулары, инструменттер, оргтехника, сарпталуучу материалдар, интеллектуалдык менчиктин объектилери жана өндүрүштүн күнүмдүк иште колдонулуучу башка каражаттары кирет.

Биз компаниянын мүлкүнө жана активдерине аяр мамиле жасайбыз, жыйынтыктарга азыраак чыгымдар менен жетишүү үчүн алардын натыйжалуу колдонулушун камсыздайбыз.

Биз компаниянын мүлкүн жана активдерин максатсыз, ошондой эле жеке максаттар үчүн же жеке пайда алуу үчүн колдонбойбуз.

## 3.2. КУПУЯЛУУЛУКТУ САКТОО

Коммерциялык сырды камтыган маалымат, кызматтык колдонуу үчүн маалымат, жеке дайындар жана Компаниянын ишмердүүлүгү жана өнүгүүсү жөнүндө башка маалыматтар көпчүлүк учурда Компаниянын рыноктогу атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныкташат. Купуя маанидеги маалыматтарды жайылтуу Компаниянын кызыкчылыктарына жана беделине зыян келтириши мүмкүн, ошондуктан мындай маалыматтарды коргоо ар бирибиздин милдетибиз болуп саналат.

Биз купуя маанидеги маалыматтарды колдонууда төмөнкүдөй эрежелерди карманабыз:

- Купуя мүнөздөгү маалыматтар кызматтык милдеттерди аткаруунун алкагында гана жана колдонуудагы корпоративдик жол-жоболорго ылайык колдонулат.
- Купуя мүнөздөгү маалыматтарды жайылтпоо жөнүндө милдеттер Компанияда иш аяктагандан кийин да аткарылышы керек (кызматкердин жана Компаниянын ортосунда башка макулдашуулар болгон учурларды кошпогондо).
- Корпоративдик интеллектуалдык менчикке карата гана эмес, алар менен иштешүүдө биз жеткилик алган, өнөктөштөрдүн менчиги болуп саналган маалыматка да аяр жана сый мамиле жасалууга тийиш. Компаниянын интеллектуалдык менчигин, анын ичинде кызматкерлер тарабынан иштелип

чыгарылган инновациялар Компаниянын кызыкчылыктарында гана колдонулушу керек.

- Конфиденциалдык мүнөздөгү маалыматтар менен иштөө маалыматты коргоонун сертификатталган техникалык каражаттарын колдонуу менен гана жүргүзүлүшү мүмкүн.

## 3.3. ЖМКлар МЕНЕН ӨЗ АРА ИШТЕШҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТТЫК МЕЙКИНДИКТЕГИ ИШМЕРДҮҮЛҮК

Компаниянын маалыматтык саясатында анын ишмердүүлүгү жөнүндө зарыл маалыматты ачык булактарда жайгаштыруу каралган. Атап айтканда, мындай маалымат Компаниянын расмий сайтында жалпы жеткиликте жайгаштырылган www.rosneft.ru. Бул жерде Компания, анын башкаруу органдары жөнүндө маалыматтар, каржылык жана жылдык отчеттор, байланыш маалыматтары ж.б. жарыяланган.

Баардык кайрылуулар жана/же кызматташуу же Компаниянын ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалымат алмашуу маселелери боюнча оозеки, жазуу түрүндө, электрондук же башка формада ЖМК өкүлдөрүнө (россиялык жана чет өлкөлүк) мындай кайрылууну демилгелөө Компаниянын басма сөз катчысы менен макулдалышы керек.

Эгерде кандайдыр ЖМК Компаниянын ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер боюнча ар кандай кызматташтыкты сунуштаса, бул туурасында өзүнүн түздөн-түз жетекчисине жана коомчулук менен байланышка жооп берген түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисине билдирүү зарыл.

Интернет баарлашуу жана маалымат алмашуу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү берет. Компаниянын кызматкерлери интернетти колдонуусунда төмөнкүдөй бир катар эрежелерди колдонуусу шарт:

- Жумушчу материалдарды жана/же Компаниянын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды эч качан интернетке жайгаштырууга болбойт.
- Корпоративдик почтаны жеке максаттарда колдонууга болбойт.
- Корпоративдик иш-чаралардан, жумушчу орундардан жана Компаниянын өндүрүштүк объектилеринен сүрөттөрдү, аудио- жана видео жазууларды интернетте жайгаштырууга болбойт.
- Компаниянын жаңылыктарын, жетекчиликтин же кызматкерлердин чечимдерин, ошондой эле ишкер өнөктөштөргө жана Компаниянын кардарларына байланыштуу маалыматтарды талкуулоого катышууга болбойт.
- Тийиштүү ыйгарым укуктар болгон учурларда гана Компаниянын өкүлү катары билдирүүлөр, комментарийлер, баалоолор менен чыгып сүйлөөгө уруксат берилет.

# 4.

# КООПСУЗДУК, ЭМГЕКТИ, САЛАМАТТЫКТЫ ЖАНА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО

Өндүрүштүк коопсуздук, эмгекти, саламаттыкты жана курчап турган чөйрөнү коргоо биздин негизги артыкчылыктарга кирет. Компания кызматкерлери, өнөктөштөрү жана ишмердүүлүгү жүргүзүлүп жаткан аймактардын калкы үчүн, коопсуз шарттарды камсыздоону өзүнүн милдети деп эсептейт. Компания өндүрүш кырсыктарын, авариялык жагдайларды жана өрттөрдү алдын алуу үчүн баардык күч аракеттерин жумшайт, ал эми мындай учурлар келип чыккан учурларда - кесепеттерин минималдаштырууга аракет кылат.

Иштерди аткарууда биз төмөнкүдөй милдеттүү шарттарды карманабыз:

- эмгекти коргоо, өрт жана өнөр жай коопсуздугунун талаптарын сактоо, биринчи жардам көрсөтүү боюнча зарыл окуулардан жана нускалоолордон өтөбүз; тийиштүү квалификацияны жана ден-соолугубуздун абалы боюнча жумушка жарамдуулугубузду тастыктайбыз;
- иш башталганга чейин кооптуу жана зыяндуу факторлорду аныктайбыз, жагымсыз окуялардын алдын алуунун зарыл чараларын камсыздайбыз;

- иш башталганга чейин авариялык жагдайлар, өрт болгон учурларга каршы иш-аракеттерди аныктайбыз;
- зарыл уруксаттарды алып, иш жүргүзүү аймактарын белги берүүчү тасмалар жана/же белгилер менен белгилейбиз;
- аныкталган коркунучтарды жана объектте иштерди коопсуз жүргүзүүнүн талаптарын эске алуу менен жекече жана жамааттык коргонуунун каражаттарын колдонобуз;
- бөтөн адамдардын жана алкоголдук же наркотикалык (уулуу заттардан) мас абалындагы адамдардын кирүүсүнө жол бербейбиз;
- иштердин конкреттүү түрү үчүн жарактуу, бузугу жок жабдууларды, механизмдерди, аспаптарды жана коопсуздук түзмөктөрүн колдонобуз;
- иштер коркунуч жаратуучу жол менен жасалып жаткан жагдайларга кийлигишебиз, жана адамдардын өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч жараткан баардык жагдайлар туурасында түздөн-түз жетекчибизди маалымдайбыз.

Компания адам өмүрүн эң жогорку баалуулук катары карайт, саламат жашоо образын колдоого жана саламаттыкты сактоого өзгөчө көңүл бурат. Компаниянын бүтүндөй аймагында алкоголдук жана баңги заттарды сактоого жана пайдаланууга тыюу салынат.

Өнөр жай жана өрт коопсуздугун камсыздоо, эмгекти жана курчап турган чөйрөнү сактоо боюнча биздин жогорку стандарттар баардык кызматкерлер үчүн милдеттүү, ошондой эле өнөктөштөр, анын ичинде жеткирүүчү уюмдар менен өз ара мамилелер эске алынат.

# 5.

# КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР МЕНЕН МАМИЛЕЛЕР

Акционерлер жана инвесторлор, бийлик органдары, коомчулук, ишкер өнөктөштөр менен узак мөөнөттүү, үзүрлүү, ишеничтүү жана өз ара пайдалуу мамилелерди көздөгөн өнөктөштүк - Компаниянын стратегиялык максаттарына жетишүүнү камсыздаган, мындан аркы өнүгүүнүн маанилүү ресурстарынын бири болуп саналат. Ошол эле учурда акционерлер жана инвесторлор, бийлик органдары, коомчулук жана коомдук уюмдар, ишкер өнөктөштөр, кардарлар жана атаандаштар кызыкдар тараптар, Компанияга карата тышкы тараптар болуп эсептелишет.

## 5.1. АКЦИОНЕРЛЕР ЖАНА ИНВЕСТОРЛОР

Компания аларга таандык акциялардын санына көзкарандысыз, өзүнүн акционерлеринин укуктарын бирдей деңгээлде урматтайт, алар менен натыйжалуу диалогду колдойт, өнүктүрүү боюнча айтылган милдеттерди аткаруу жана дивиденттерди төлөө менен алардын ишенимин актоого умтулат.

Компания өзүнүн ишмердүүлүгүнүн кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү каржылык жыйынтыктарынын ортосунда тең салмактуулукту сактоого умтулуп, насыялык рейтингдин жогору

позицияларын жана баалуу кагаздардын ликвиддүүлүгүнүн тийиштүү деңгээлин кармайт. Бул атап айтканда, өндүрүштүк, экологиялык жана каржылык тобокелдерди башкаруу, мыйзамдарды аткаруу, корпоративдик башкаруунун, ички контролдун эрежелерин жана процедураларын сактоо менен камсыздалат.

Өзүнүн ишмердүүлүгү туурасында акционерлер үчүн жеткиликтүү түрдө, так маалыматты өз учурунда жарыялоо менен Компания акционерлердин жана инвесторлордун укуктарынын сакталышын кепилдейт.

## 5.2. БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ

Россияда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө иштөөдө Компания дайыма бийлик органдары менен иштешет, жана мындай иштешүүдө колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин жана корпоративдик, ишкердик этиканын жогорку стандарттарын жетекчиликке алуу менен, алар менен конструктивдүү мамилелерди түзөт. Бул Компаниянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет жана бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттардын түзүлүшүнө өбөлгө берет.

Компания мыйзамдын ишкердик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө байланыштуу баардык талаптарын аткарат, салыктарды жана эмгек акыларын толук өлчөмдө төлөйт, персоналдын саламаттыгын, эмгектин жана экологиянын коопсуздугун сактоо жаатында кесипкөйлүк башкаруу жүргүзөт.

Компания саясий партиялардын жана кыймылдардын ишмердүүлүгүн каржылоого катышпайт. Кызматкерлер саясий ишмердүүлүккө катышууга ниети туурасында түздөн-түз жетекчисин маалымдашат.

## 5.3. КООМЧУЛУК ЖАНА КООМДУК УЮМДАР

«Роснефть» МК социалдык жоопкерчиликтүү Компания болуп саналат. Иш жүргүзүү аймактарында коомчулук менен ачык жана айкын ишкердик мамилелерди түзүү - ишмердүүлүктүн негизги артыкчылыктарынын бири катары каралат.

Компания калктын маданий мурастарына, салттарына, укуктарына урмат менен мамиле кылат жана өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн аймактардагы коомдук уюмдардын кызыкчылыктарын тааныйт.

Компаниянын коомчулук менен ийгиликтүү кызматташтыгы аймактардын өнүгүүсүнө жакшы таасирин тийгизет - жаңы жумуш орундары түзүлүп, жергиликтүү калктын бакубаттуулугу жогорулайт, социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнүн маселелери ийгиликтүү чечилет.

## 5.4. ИШКЕР ӨНӨКТӨШТӨР, КАРДАРЛАР ЖАНА АТААНДАШТАР

Компания монополияга каршы мыйзамдарды так сактайт, товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу процедураларына потенциалдуу өнөктөштөрдүн ачык жана бирдей жеткилигин камсыздайт, аларды сапат жана баа боюнча эң мыкты сунуштарды берүүгө багыттайт. Компания баардык кардарларына өндүрүлүүчү көмүр суутектерине жана аларды кайра иштетүүнүн өнүмдөрүнө тең укуктуу, атаандаш жеткиликти кепилдейт.

Рынокту изилдөө процессинде, ишкер өнөктөштөрдү тандоодо жана келишимдерди түзүүдө Компания төмөнкүлөргө өзгөчө көңүл бурат:

- ишкер өнөктөштүн аброю жакшы болушуна, жетиштүү тажрыйбага, ресурстарга жана компетенцияларга ээ болуусуна;
- сатып алынуучу товарлардын, иштердин кызмат көрсөтүүлөрдү баасы жана бүтүмдүн башка олуттуу шарттары рыноктун деңгээлине шайкеш келүүсүнө;
- келишимдин шарттары бул учурда колдонулуучу баардык шарттарга жана мыйзам ченемдерине шайкеш келүүсүнө;
- кызыкчылыктардын кагылышуусу болбошуна.

Биз эркин атаандаштык ишкер өнөктөштөрдүн өсүп бара жаткан сурамдарын натыйжалуу канааттандырууга түрткү берет, атаандаш баалар боюнча сапаттуураак өнүмдөргө алардын төлөөгө жөндөмдүү сурамын камсыздайт деп ишенебиз.

Компания атаандаштарга урмат менен мамиле жасайт жана алар менен ишкердик этиканын жалпы кабыл алган ченемдерине ылайык иштешет, ошол эле учурда өз ишмердүүлүгүн кайсыл өлкөдө жүргүзсө, ошол өлкөнүн монополияга каршы мыйзамдарынын талаптарын аткарат.

Компаниянын кызматкерлери Компания менен аффилирленбеген юридикалык жактардын башкаруу органдарынын иштеринде Компаниянын тийиштүү башкаруу органдары аны жактырган учурларда гана катыша алат.

# 6.

# КАБЫЛ АЛЫНГАН ЭРЕЖЕЛЕРДИ ЖАНА СТАНДАРТТАРДЫ БУЗУУЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУ

Баардык аймактарда Компания тек гана мыйзам талаптарына ылайык иштейт.

Биз бизнести мыйзамга каршы жүргүзүүнүн, паракорлуктун, коррупциянын, инсайдерлик маалыматты колдонуп, баалуу кагаздар менен соодалашуунун, алдамчылыктын же акча «жуунун» эч кандай түрлөрүнө жол бербейбиз. Кызматтык милдеттерин аткарууда кызматкерлер тек гана Компаниянын кызыкчылыктарын жетекчиликке алышат.

## 6.1. КОРПОРАТИВДИК АЛДАМЧЫЛЫКТЫ ЖАНА КОРРУПЦИЯНЫ АЛДЫН АЛУУ

Күнүмдүк ишмердүүлүгүндө Компания коррупция менен күрөшүү боюнча россиялык жана чет өлкөлүк мыйзамдарды, ушул Кодекстин принциптерин, Компаниянын корпоративдик алдамчылыкка жана коррупциялык ишмердүүлүккө тартууга каршы аракеттенүү жаатында жоболорун жетекчиликке алат, ошондой эле коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында дүйнөлүк стандарттарды колдоосун тастыктайт.

Компанияда корпоративдик алдамчылыктын, каржылык отчеттуулукту бурмалоонун, коррупциялык

иш-аракеттердин, уурулуктун, атайын бузуунун жана Компаниянын активдерине карата кыянаттык кылуунун башка баардык түрлөрүн алдын алуу иштери жүргүзүлөт.

Коррупциялык иш-аракеттер – пара берүүнү сунуштоо, берүү, убада кылуу, опузалап алуу же алуу; пара алууда ортомчулук жүргүзүү; административдик, бюрократиялык жана кайсыл болбосун түрдөгү формалдуулуктарды жеңилдетүү үчүн төлөмдөрдү жасоо, анын ичинде акча, башка баалуулуктар түрүндө, кайсыл болбосун жактардан/уюмдардан же кайсыл болбосун жактарга/уюмдарга, анын ичинде мамлекеттик, коомдук органдардын, жеке компаниялардын жана саясий ишмерлердин өкүлдөрүнө кызмат көрсөтүү/кызмат көрсөтүүнү алуу же негизсиз материалдык же материалдык эмес пайда алуу/берүү түрүндө.

## 6.2. БЕЛЕКТЕР ЖАНА БАШКА ПАЙДА

Белектер, өкүлчүлүктүү иш-чараларга чакыруу жана ишкер өнөктөштөргө (же ишкер өнөктөштөр тарабынан) ар кандай түрдөгү кызматтарды көрсөтүү узак мөөнөттүү ишкердик мамилелерди өнүктүрүүгө өбөлгө түзүшү мүмкүн. Анткени, бул биздин потенциалдык өнөктөштөр менен кызматташтыкка карата биздин жоопкерчиликти жана кесипкөйлүк талаптарды төмөндөтпөшү керек.

Ишкер өнөктөштөн тигил же бул белекти алуу же берүү мүмкүнчүлүгү тууралуу чечим кабыл алуу алууда биз төмөнкүдөй эрежелерди карманабыз:

- белектерди кабыл албайбыз (бербейбиз) (анын ичинде акча, баалуу кагаздар, баалуу металлдар жана таштар, карыздар, сертификаттар жана белек карталары, арзандатуулар жана жалпы

негизде көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөр түрүндө), ошондой эле милдеттемелердин келип чыгышына алып келиши мүмкүн болгон иш-чараларга барбайбыз;

- бул эрежелер ошондой эле биздин жакын адамдарыбызга таркалат (жубайларыбызга, жашы жеткен жана жашы жете элек балдарыбызга, анын ичинде асырап алынган балдарыбызга, бир тууган жана аталаш/энелеш бир туугандарыбызга, ата-энелерибизге жана багып алган ата-энелерибизге).

## 6.3. КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР КАГЫЛЫШУУСУН ТАБУУ ЖАНА ЖӨНГӨ САЛУУ

Өзүбүздүн кызматтык милдеттерибизди аткарууда жана эң жогорку жыйынтыктарга умтулууда биз тек гана Компаниянын кызыкчылыктарын жетекчиликке калабыз.

Кызыкчылыктардын кагылышуусу – кызматкердин, анын жакын адамдарынын кызыкчылыктары Компаниянын кызыкчылыктарына каршы келген же каршы келиши мүмкүн болгон, жана анын кесепетинде кызматкер өзүнүн милдеттерин талаптагыдай аткаруусуна, анын ичинде зыян келтирүүгө, укуктардын, мыйзамдуу кызыкчылыктардын бузулушуна, мүлктүн жоготулушуна жана/же Компаниянын жана/же топтун коомдорунун ишкердик аброюнун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн болгон кызматтык милдеттерди аткаруунун алкагында чечим кабыл алууга таасир тийгизген же таасир тийгизиши мүмкүн болгон баардык жагдайлар жана кырдаалдар.

Биз Компанияда кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөөгө умтулабыз. Буга ылайык,

биз төмөнкүдөй иш-аракеттерден оолак болушубуз зарыл:

- Компаниянын ишкер өнөктөшүнүн же атаандашынын катышуу үлүшүнө, баалуу кагаздарына ээ болууга, алардан карыз же кепилдик алууга, алардын башкаруу органдарына кирүүгө, алардын агенти же өкүлү болууга, бул маселелер боюнча Компания тарабынан аныкталган талаптарды бузуу менен, тигил же бул уюмдардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында кандайдыр-бир каржылык кызыкчылык аалууга;

- жакын адамдарды кол алдында түздөн-түз иштөөгө алууга же Компанияда алардын кызмат боюнча көтөрүлүшүнө, ишмердүүлүгүн баалоого же компенсацияларды аныктоого (анын ичинде эмгек акысын, сыйлыктарды жана башка сыйакыларды) катышууга;

- жеке пайда алуу максатында кызматтык абалынан пайдаланууга.

Кызыкчылыктардын кагылышына алып келген же алып келиши мүмкүн болгон баардык жагдайлар жөнгө салынышы керек.

## 6.4. ЖЕКЕ ПАЙДА АЛУУ ҮЧҮН ИНСАЙДЕРДИК МААЛЫМАТТЫ КОЛДОНУУ УЧУРЛАРЫН АЛДЫН АЛУУ

Иш процессинде биз көп учурда Компаниянын ишмердүүлүгү тууралуу коомчулукка ачык жарыялана элек маалыматтарга туш болобуз.

Компания тарабынан, аларды ачуу Компаниянын каржылык инструменттеринин баасына олуттуу таасир тийгизүүгө жөндөмдүү маалыматтардын тизмесине

киргизилген так жана конкреттүү маалыматтар инсайдердик маалыматтар болуп саналат.

Мындай маалыматка ээ болуу менен биз аны баалуу кагаздар рыногунда жеке пайда алуу үчүн колдонбошубуз керек. Мындан тышкары, биз мындай маалыматты жакындарыбызга же кайсыл болбосун адамдарга бербешибиз керек.

## 6.5. КАРЖЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ ЖАНА БАШКАРУУЧУЛУК УЧЕТТУ ЖҮРГҮЗҮҮ

Компания рыноктун ачык жана ак ниет катышуучусу катары өзүнүн аброюн бекемдөөгө кызыкдар. Компания россиялык жана эл аралык мыйзамдар, ошондой эле ушул Кодекстин жоболору менен аныкталган принциптер жана эрежелер менен так шайкештикте, бухгалтердик эсепте жана отчеттуулукта чагылдырылган дайындардын толуктугун, тактыгын жана аныктыгын камсыздайт.

Компания биринчи кезекте каржылык отчеттуулук жана башкаруучулук эсептин дайындарын жүргүзүүгө жана берүүгө жооп берген кызматкерлер үчүн арналган, аныкталган төмөнкүдөй ченемдерди карманат:

- ишкердик операциялар Компаниянын ишмердүүлүгүнүн ачыктык принциптерине ылайык, каржылык отчеттордо жана башка учеттук документацияларда толук жана так чагылдырылат;
- каржылык маалыматты жүргүзүүнүн жана эсепке алуунун аныктыгы ички контролдун процедураларын так сактоо менен коштолот;
- эсепке алуу документациясын сактоо жана колдонуу колдонуудагы ченемдердин жана мыйзамдардын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

# 7. КОДЕКСТИ КОЛДОНУУ

## 7.1. КОДЕКСТИН ЧЕНЕМДЕРИН САКТОО

Күнүмдүк ишмердүүлүктө биз ушул Кодексте аныкталган эрежелерди жана стандарттарды сактайбыз. Компаниянын жетекчилиги бизнести ушул Кодексте жазылган принциптерге ылайык мыйзамдуу жана этикалуу жүргүзүлүшүнө жигердүү колдоо көрсөтөт, дайыма маалыматтык кампанияларды, жумушчуларга тийиштүү окууларды жана башка иш-чараларды өткөрүп турат.

Ар бир кызматкер этикалык ченемдердин сакталышына жоопкерчилик тартат. Ушул Кодекстин ченемдерин колдонуу тартиби Компанияда ээлеген кызматына жана абалына көзкарандысыз баардык кызматкерлер үчүн милдеттүү жана Компаниянын ички документтери менен аныкталат.

## 7.2. КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ

Кодексте жазылган принциптерди, эрежелерди жана стандарттарды колдонуу жана кармануу боюнча суроолор келип чыккан учурларда биз түздөн-түз жетекчибизге кайрылабыз.

Кодексти колдонуу жана кармануу боюнча суроолору келип чыккан ар бир жумушчу, ошондой эле кайсыл болбосун кызыкдар жак code@rosneft.ru электрондук дареги боюнча кайрыла алат.

Эгерде сиз Компаниянын кызматкерлеринин же ишкер өнөктөштөрүнүн иш-аракеттеринин мыйзамдуулугуна шек санасаңыз, sec_hotline@rosneft.ru дареги боюнча билдирүү жөнөтүп же 8 800 500 25 45 аркылуу чалсаңыз болот.

## 7.3. ИШКЕРДИК ЭТИКА БОЮНЧА КЕҢЕШ

Компаниянын Ишкердик этика боюнча кеңеши кеңешүүчү орган болуп саналат. Кеңештин ишкердик жана корпоративдик этиканы түзүү, мыйзамдарды аткаруу, корпоративдик башкаруунун жана ички көзөмөлдүн эрежелерин жана процедураларын сактоо боюнча чечимдери Компаниянын башкаруу органдары жана кызматкерлери тарабынан күнүмдүк ишмердүүлүгүндө колдонулат. Ишкердик этика боюнча кеңеш Компаниянын Башкармалыгы тарабынан бекитилген жобонун негизинде иш алып барат.

Кеңеш Кодексти иштеп чыгууну (өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду), Компаниянын кызматкерлери же алардын өкүлдөрү тарабынан анын каралышын жана талкууланышын уюштурат.

Ишкердик этика боюнча кеңеш Кодекстин жоболорун колдонуу жана сактоо маселелеринде түзүмдүк бөлүмдөргө, Топтун Коомдоруна колдоо көрсөтөт, Компаниянын күнүмдүк ишинде анын колдонулушу боюнча чечимдерди кабыл алат, Компаниянын кызматкерлери жана кызматтык адамдары үчүн сунуштарды иштеп чыгат, ошондой эле Топтун айрым Коомдорунун деңгээлинде чечиле албай турган кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салууда катышат.

# 8.

# КОДЕКСТИ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ

Ар бир кызматкер code@rosneft.ru электрондук дарегине кат жөнөтүү менен, Кодексти өзгөртүү боюнча өзүнүн сунуштарын киргизе алат.

Сунуштардын баардыгы Компаниянын Ишкердик этика боюнча кеңеши тарабынан кароого кабыл алынат. Этика боюнча кеңеш тарабынан Кодекс (ага карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор) жактырылгандан кийин ал/алар Компаниянын Директорлор кеңешине бекитүүгө жөнөтүлөт. Кодекс корпоративдик процедураларга ылайык ишке киргизилгенден кийин, анын жоболору Компаниянын баардык кызматкерлеринин аткаруусу үчүн милдеттүү болуп саналат.

Кодекстин тексти Компаниянын расмий сайтында жайгаштырылган **www.rosneft.ru**.

РОСНЕФТЬ